# Айбек Карымов "Сүйүү керемети"

Алтыным, берегирээк келчи мындай,
Отурчу жан эргите ырдай, ырдай.
Отурсак уктабастан түнү бою,
Шарактап таң атканча үн басылбай.

Алтыным, сен мендеги ойду билсең,
Ар дайым мени менен бирге жүрсөң.
Элесиң ак маралга окшоп кетет,
Гүлзардан күлүмсүрөп чыга келсең.

Сен барда караңгы түн аппак таңдай,
Ал тургай ал биз үчүн жаралгандай.
Сен менен таштак жолдо баратсам да,
Сезилет көл үстүндө бараткандай.